DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***

***ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PHILOLOGICAL SCIENCES***

***Абдуллаев Д.Ш., Коргонбекова Н.Т.***

# ЧАТКАЛ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАР СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ ЖАНА СТРУКТУРАЛЫК ӨҢҮТТӨРДӨН ИЗИЛДЕНИШИ

***Абдуллаев Д.Ш., Коргонбекова Н.Т.***

# ИСТОРИКО-СТРУКТУРНОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ЧАТКАЛЬСКОЙ СИСТЕМЫ НАЗВАНИЙ ЗЕМЕЛЬ И ВОДОЕМОВ

***D. Abdullaev, N. Korgonbekova***

# HISTORICAL AND STRUCTURAL STADY OF THE CHATKAL SYSTEM OF NAMES OF LANDS AND WATER BODIES

*УДК: 811.512.1(575.2)(043.3)*

*Азыркы Чаткал чөлкөмүнүн жана анын топонимиясынын советтик доордо структуралык жактан изилденишинин башталышы жана илимий багытынын бурулушу катарында жалпы Кыргызстандын алкагындагы социалдык-экономикалык жана маданий окуялардын жүрүшү менен бирге көрсөтүүгө болот. Албетте, өз доорунун белгилүү тарыхчылары, географтары жана тилчилери тикеден-тике Чаткал топонимиясын изилдөөнү расмий түрдө көрсөтүшпөсө деле азыркы күнгө дейре илимий жактан актуалдуулугун жана салмагын жоготпогон эмгектер жаралды.Макалада Кыргыз элинин Алтай тоо кыркаларын жердеген түрк уруулары менен генетикалык жана тилдик байланышынын болгондугунун аргументи катары, биринчи кезекте, кыргыз жеринде сакталган топонимдер далил болору, азыркы Кыргызстандын жана Алтайдын айрым топонимдерин салыштырып изилдөө илим үчүн бир топ кызыктуу ачылыштарды жаратуусу, көпчүлүк негизги дарыялардын жана калк отурукташкан аймактардын аталыштары Алтайдан кыргыз уруулары тарабынан алынып келингендиги тууралуу сөз болмокчу.*

***Негизги сөздөр:*** *топонимия, топоним, тоо кыркалары, генетикалык байланыш, тилдик байланыш, семантикалык негиз, тарыхый катмар.*

*Начало структурного изучения современного Чаткальского региона, его топонимии в советское время и ряде перемен в научном направлении можно увидеть в ходе социально-экономических и культурных событий в Кыргызстане в целом. Конечно, известные историки, географы и лингвисты своего времени не занимались изучением чаткальской топонимии, но по сей день существуют труды, не утратившие своей научной актуальности и веса. В статье рассматривается вопрос о том, что кыргызы имеют генетические и языковые связи с тюркскими племенами, населяющими в Горном Алтае.Сохранившиеся на киргизской земле топонимы являются свидетельством того, что сравнительное изучение некоторых топонимов современного Кыргызстана и Алтая раскроет несколько интересных фактов и открытий для науки, в частности, названия большинства крупных рек и населенных пунктов были унаследованы с Алтая киргизскими племенами.*

***Ключевые слова:*** *топонимия, топоним, хребты, генетическая связь, языковая связь, семантическая основа, исторический пласт.*

*The beginning of the structural study of the modern Chatkal region and its place names in the Soviet era and a turning point in the scientific direction can be seen in the course of socio-economic and cultural events in Kyrgyzstan as a whole. Of course, famous historians, geographers and linguists of their time were not directly involved in the study of Chatkaltoponymy, but to this day there are works that have not lost their scientific relevance and weight. The article examines that the Kyrgyz have genetic and linguistic ties with the Turkic tribes inhabiting the Altai Mountains. Firstly, the place names preserved on the Kyrgyz land are evidence that a comparative study of some place names of modern Kyrgyzstan and Altai will open several interesting discoveries for science, and the names of most of the large rivers and settlements were brought from Altai by the Kyrgyz tribes.*

***Key words:****toponymy, toponym, ridges, genetic connections, linguistic connections, semantic basis, historical layer.*

Академик Б.М. Юнусалиев башка маселелер менен катар кыргыз тилинин топонимдер системасына бөтөнчө маани берүү менен, кыргыз элинин Алтай тоо кыркаларын жердеген түрк уруулары менен генетикалык жана тилдик байланышынын болгондугунун аргументи катары, биринчи кезекте, кыргыз жеринде сакталган топонимдерди атаган. Б.М. Юнусалиев кыргыз элинин көп кылымдык тарыхын камтыган топонимдерди бөлүп көрсөтүү менен, азыркы Чаткал топонимиясында ар түрдүү варианттарда кезиккен Күрмөнтү, Чүй жана Кулунду топонимдерин азыркы жер-суу аталыштар системасын окуудагы негиз катарында белгилеп, кыргыз элинин тилдик жана этникалык тарыхы менен байланыштырып караган. Улуу окумуштуу топонимдерди жөн гана санап өтпөстөн, аларды кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхынан так маалымат бере турган эстелик катарында сыпаттайт. Маселен, сөз болуп жаткан маселеге карата Б.М. Юнусалиевдин төмөндөгү пикирин келтирүүгө болот: «Азыркы Кыргызстандын жана Алтайдын айрым топонимдерин салыштырып изилдөө илим үчүн бир топ кызыктуу ачылыштарды жаратмакчы. Көпчүлүк негизги дарыялардын жана калк отурукташкан аймактардын аталыштары Алтайдан кыргыз уруулары тарабынан алынып келинген. Ала турган болсок,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Чүй Алтайда да жолугат. Ошондой эле Кара-Кужур, Боом, Күркүрөө, Корумду, Кулунду өрөөнү жана башка жер-суу аталыштары Кыргызстанда жана Алтайда жолугат» [9]. Арийне, Кара-Кужур, Корумду, Боом жана кара компонентин камтыган топонимдери азыркы Чаткал районунун топонимиясындагы арбын жолугуучу жер-суу аттарынын катарына кирет.

Чаткал чөлкөмүнүн Кыргызстандын жалпы географиялык системасындагы тарыхый топографиясынын калыптанышына, ошондой эле Чаткал топонимиясынын алгачкы тутумунун түзүлүшүнө жалан гана кыргыз уруулары эмес жалпы эле Чаткал өрөөнүн жердеген уруулардын жана элдердин, алардын тилинин салымы бараандуу болгондугун В.В. Бартольд көп ирет белгилеген. Окумуштуу жалпы эле Орто Азиянын топонимиясынын тыгыз байланышын камсыздаган тарыхый шартты жана Кыргызстандын тоо кыркаларын жердеген элдердин топонимиясы боюнча пикирин мындайча билдирет: «В долине Чу, около города Баласагун вплоть до монгольского завоевания находилась резиденция большинства кочевых владетелей Туркестана, как мусульманских илекханов (или одной из ветвей этой династии), так и с VI-XII вв. языческих завоевателей из народа кара-китаев. Почти все завоеватели восточно азиатского происхождения, опустошавшие западную часть Средней Азии, через эту область» [2]. Албетте,окумуштуу Туркестан жөнүндө сөз кылып жаткандыгынын тарыхый негизи бар жана лингвистикалык жактан да маанилүү. Анткени В.В. Бартольд топонимдердин грамматикалык курамына жана семантикалык формасына өз изилдөөлөрүндө жөн гана факты катары карап коюу менен чектелбестен, алардын этимологиялык байланышын аныктоого көп көнүл бурган. Андыктан окумуштуу өзү тарыхчы болгондугуна карабастан, айрым топонимдерди, алардын ичинен азыркы Чаткал районунун чөлкөмүндө жолугуучу топонимдерге карата тил илиминин өңүтүнөн карагандыгын баса белгилеп өтүү зарыл [2].

В.В. Бартольд Чаткал тоо кыркаларын жердеген элдердин, Чаткал топонимиясына жүргүзүлгөн алгачкы изилдөөлөр жөнүндө жана ошондой эле аталган аймактын Кыргызстандын жалпы территориясынын калыптанышына пайдубал катарында кызмат кылгандыгын төмөндөгүчө түшүндүрөт: «XII кылымга дейре Чүй өрөөнүн бутпарас калмактар бийлеп, көчмөн уруулар көп ирет бири-бирин сүрүп чыгып, же болбосо басып алып турушкан. Демек калмактарды сүрүп чыгарууга жетишкен кара кыргыздар орустар тарабынан баш ийдирилгенге дейре ислам тарабынан текши тартылбагандыгы шексиз» [2]. Окумуштуу, жалпысынан алганда,Чаткал топонимиясындагы тарыхый катмарлардын калыптанышын тарыхый фактылардын негизинде так аныктаган десек жаңылышпайбыз. Анткени кыргыз уруулары ислам динин кабылдаганга чейинки Монгол-Тоо, Лама, Мөрөн, Корум сыяктуу топонимдер жогоруда аталган илимпоздун жоболорун тастыктап тургат.

Азыркы Чаткал чөлкөмүнүн жана анын топонимиясынын советтик доордо структуралык жактан изилденишинин башталышы жана илимий багытынын бурулушу катарында жалпы Кыргызстандын алкагындагы социалдык-экономикалык жана маданий окуялардын жүрүшү менен бирге көрсөтүүгө болот. Албетте, өздөрүнүн белгилүү тарыхчылары, географтары жана тилчилери тикеден-тике Чаткал топонимиясын изилдөөнү расмий түрдө көрсөтүшпөсө деле азыркы күнгө дейре илимий жактан актуалдуулугун жана салмагын жоготпогон эмгектер жаралды. Анткени Б.М. Юнусалиев кыргыз тилинин тарыхына байланышкан маселени (Алтай жана кыргыз топонимиясынын генетикалык жакындыгы), Б.Орузбаева инерттүү формадагы***-ты*** топоформантын, ал эми Д. Исаев болсо ***сар*** компонентин кыргыз топонимдерине жалгануусун илимий жактан терең изилдөөгө алышып, баалуу тыянак-натыйжаларды сунушташкан.

Белгилүү топонимист Э.М. Мурзаевдин советтик доордогу Кыргызстандын топонимиясы боюнча жараткан эмгектери азыркы күнгө чейин өз маанисин жоготкон жок. Анын жалпы эле кыргыз топонимиясына, анын ичинде Кыргызстандын тарыхый лингвистикасынын өнүгүшүнө жана жогорку деңгээлде изилденишине кошкон салым жөнүндө.

Белгилүү тилчи К.К. Коңкобаев төмөндөгүдөй пикирин айтат: «Кыргыз топонимиясынын изилдениши Э.М. Мурзаевдин 1940-жылы жарык көргөн «К географической терминологии и номенклатуре киргизов Тянь-Шаня» жана ошондой эле азыркы күнгө чейин өз маанисин жоготпой сактаган илимий макаласынан башталат. Аталган эмгекте өз мезгилинде Э.М. Мурзаев элдин тарыхы жана маданияты менен тыгыз байланышкан мындай актуалдуу маселени чечүүдө географтар гана эмес лингвисттердин жапатырмак катышуусу зарыл экендигин белгилеген» [7]. Э.М. Мурзаев жалпы Чаткал тоо кыркаларын жердеген элдердин, анын ичиндеги Чаткал топонимиясы жана андагы байыркы катмарды ээлеген жер-суу аттары жөнүндө алгылыктуу изилдөөлөрдү жүргүзгөндүгүн Н.Жапаров баса белгилейт [4]. Ошондой эле Э.М. Мурзаев жалпы кыргыз топонимикасынын тарыхый катмарларын кеңири изилдеген окумуштуулардан болуп саналат. Айрыкча аталган окумуштуунун кыргыз тилиндеги анын ичинде Чаткал топонимиясына мүнөздүү болгон топонимдерге токтолгондугун баса белгилеп өтүүгө болот. Ошондой эле Э.М. Мурзаев Чаткал топонимиясына басымдуу жана негизги орунду ээлеген кыргыз катмарынын башка тилдерге тийгизген таасирин так чагылдырган топонимдерге токтолуп, орус тилинен кирген топонимдер кыргыз тилинин кыртышына тиешелүү болгон топонимдердин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тилдик көчүрмөсү болорун айткан [7].

Академик Б.Ө. Орузбаева кыргыз тилиндеги топонимдерге кайрылып, айрым бир топонимдердин морфологиялык түзүлүшүнө талдоо жүргүзгөн. Сөз болуп жаткан багыт боюнча автордун төмөндөгүдөй пикирин келтирүүгө болот: «Мааниси жагынан ***-лык*** жана ***-луу*** мүчөлөрүндөгү кандайдыр бир өзгөчөлүктүн, белгинин, айырмачылыктын мүнөздүүлүгүн (бардыгын) билдирүүчү морфемалар менен аткарган милдети жагынан окшоп, бирок көбүнчө топоним (жер-суу) аттарында гана кездешүүчү куранды: Арчалы (<арча+-лы), Шилбили (<шилби+-лы), Бүргөндү (<бүргөн+-ды), Майлы-Сай (<май+-лы), Кайынды (<кайын+-ды) жанаАча-Кайынды, Жылгынды (<жылгын+-ды); Талды-Суу (<талды), -ты мүчөсү менен: Шаты (<ша+-ты), Тегирменти (<тегирмен+-ты), Сүлүктү (<сүлүк+-ты), Кегети (<кеге+-ты), Чырпыкты (<чырпык+-ты), Күрмөнтү (<күрмөн+-ты), Алматы (<алма+-ты), Сөгөттү (<сөгөт+-ты)» [7]. Жогоруда академик Б.Ө. Орузбаева талдаган жер-суу аттарынын басымдуу бөлүгү Чаткал топонимиясына тиешелүү жана азыркы күнгө чейин өз маанисин жоготпой келет. Анткени Чаткал топонимиясынын составында байыркы доорлордон сакталган ***Чечекти, Шырыкты*** жана ***Балыкты*** топонимдери окумуштуунун оюн тастыктай алган лингвистикалык фактылар деп эсептөөгө болот.

Д. Исаевдин Түндүк Кыргызстандын топонимиясы боюнча эмгектери жана изилдөөлөрүн чагылдырган илимий макалалары азыркы күнгө чейин өзүнүн илимий маанисин жоготпостон, кийинки изилдөөчүлөр үчүн да негизги багыттарды аныктоочу жобо катарында кызмат кылып келе жатат. Анткени автор биринчилерден болуп Түндүк Кыргызстандын топонимиясы, анын ичинде Чаткал чөлкөмүнүн жер-суу аталыштарын системалуу түрдө жолугуучу топонимдерди да изилдеген. Ошондой эле Д.Исаев Кыргызстандын тоолуу аймагын жердеген элдердин топонимия сындагы тарыхый катмарларды хронологиялык жактан да, лингвистикалык жактан да так аныктоого жетишкен [5]. Анткени Чаткал топонимиясы Түндүк Кыргызстандын чөлкөмүнүн жер-суу аталыштары менен тыгыз байланышта өнүккөн деп айтууга болот.

Топонимдер – кыргыз элинин этномаданиятынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү менен бирге, тилдик өңүттөн алып караганда, кыргыз элине гана таандык улуттук, маданий, тарыхый түшүнүктөрдү камтыган аталыштардын сакталышына негиз катары кызмат кылган лингвомаданий коддун ролун аткарат. Белгилүү чыгыш таануучу жана кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө эбегейсиз орду бар С.М. Абрамзон, В.Бартольд жана А.Н. Бернштам сыяктуу илимпоздор калтырган тарыхый жана лингвистикалык эстеликтердин алкагында кыргыз уруулары башка **элдердин жалпы катмарынын бөлүнүп чыгып, өз алдынча топонимиялык тутумга ээ боло баштагандыгынан кабар берет** [1]. Мындай тилдик эволюциялык процесс Чаткал топонимиясында ачык байкалат. Анткени Чаткал топонимиясы кыргыз жергесинин башка бөлүктөрүнө салыштырмалуу ар түрдүү, б.а. айырмаланган системадан турган аталыштарга бай экендиги жана Чаткал кыргыз элинин тарыхына, анын социалдык, маданий өнүгүүсүнө түздөн-түз таасири бар жерсуу аттарын камтыган аймак болуп саналары В. Бартольд жана А.Н.Бернштам тарабынан белгиленген [2].

Орто Азияны жердеген уруулардын ортосунда социалдык-экономикалык карым-катнаштын калыптануусу менен Чаткалга жакын жайгашкан **Аксы**, топонимиясынын тарыхый катмарлары жана негизги тилдик өзгөчөлүгү аныкталган. Ошондой эле иран тилдүү элдер менен кыргыз урууларынын тилдик алакасы жалпы эле маданияттын гүлдөп өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, эки маданияттын жана эки тилдин байышын шарттаган. Чаткал районунда жашашкан кыргыздар жалаң гана иран тилдүү элдер менен эмес, Чаткал чөлкөмүнө жакын отурукташкан уйгур, өзбек жана карлук сыяктуу чыгыш элдери менен карым-катышта болуп, алардын тилдеринин таасиринен улам бир тутумга айланган топонимияны пайда кылган. Мисалы, ***Хайлам, Чартак, Чарбак, Шапата, Зумур, Сымар, Саркент, Сумсар, Боло, Болошту, Замын, Букурук, Барсам, Даратам, Чештамчы, Корбадам, Хандык, Ысмарак, Жаланга*** ж. б.

Жогоруда белгиленгендей, А.Н.Бернштам жалпы эле Түштүк Кыргызстандын, анын ичинде Чаткал топонимиясынын тарыхый жана лингвистикалык жактан изилденүүсүнө зор салым кошкон десек жаңылышпайбыз. Өз эмгегинде окумуштуу бир канча топонимдердин тилдик табиятына кеңири токтолгон. Маселен, **Касан-Сай** топонимин усундар менен байланыштырууга аракеттенген [3].

Демек, жогоруда сөз болгондой, С.М. Абрамзон жана А.Н. Бернштам тарабынан кыргыз тили Енисей кыргыздарынын тили экендиги айтылган. Мындай пикирдин тарыхый жактан негиздүүлүгүн Чаткал топонимиясынын структуралык составын дыкат изилдөө аркылуу да тастыктоого боло тургандыгын белгилөөгө болот.

Чаткал топонимиясына түздөн-түз таасирин тийгизген тышкы факторлордун борборунда Улуу Жибек жолу тарыхый магистралы туруп, анын жаралып, калыптануусуна тарыхый өбөлгө катары кызмат кылгандыгы туурасында тарыхчы А.Н. Бернштам: “...айтор, бир караганда элдин башынан өткөргөн тарыхый жактан эбегейсиз маанилүү турмушу биротоло жер алдында кала берип, азыркы кыргыздардын маданиятында, тилинде чагылбай калгандай, изи калбай жоголгон сыяктанат. Бирок кыргыз уруулары байыркы Тянь-Шандын маданиятын алып жүрүүчүлөр (носители старой культуры Тянь-Шаня) катарында сакталып

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



калган. Булар белгисиз доорлордо азыркы Тянь-Шанга келип отурукташкан кыргыз эли. Алар алыскы Энесайдан азыркы Тянь-Шанга орун которушуп, ошондой эле бүтүндөй эки кылым чегинде Тянь-Шандын маданий өнүгүү процессине зор салым кошо алышкан" деген пикирин айткан [3]. Демек, аталган региондун жер-суу аталыштар системасы жалпы Кыргызстандын топонимиясынын ажырагыс бөлүгү катары эсептелет. Ал эми Чаткал топонимиясынын курамында иран, байыркы түрк тили менен байланышкан аталыштарды, б.а. топонимдерди учуратуубуз – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Чаткал району географиялык, тилдик жактан да өзгөчөлүктөргө ээ жана ар бир топоним тилдик элементти катарында тарыхый өнүгүү процессинин жыйынтыгы катары да кароого болот. Анткени бул өзгөчөлүктөр сөзсүз жер-суу аттарында да чагылдырылган. Андыктан Чаткал районунун топонимиясы Чаткал районунда жашаган уруулардын жана жалпы эле кыргыздардын эл катары калыптанышы, тилинин өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу экендигин эске алуу шарт.

**Литература:**

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногентетические и историко-культурные связи. - Фрунзе, 1990. - 479 с.
2. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. - Б., 1996. - 608 с.
3. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана II. - Б., 1998. - 704 с.
4. Джапаров Н.Р. О топониме Жетиөгүз (этимологический анализ). // Кыргыз тили: кечээ, бүгүн жана эртен. - Б., 2000. - 302-307-бб.
5. Исаев Д. Жер-сууаттарынын сыры. Ф- рунзе, 1977. - 159с.
6. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. - Фрунзе, 1980. 309с
7. Мурзаев Э.М. Избранная тюркская географическая лексика // Ономастика востока. - Москва, 1980. - С. 72-87.
8. Орузбаева Б.О. Формы прошедшего времени в киргизском языке. - Фрунзе, 1955. - 61 с.
9. Юнусалиев Б.М Кыргыз диалектологиясы. - Фрунзе, 1971. - 291 с.
10. Абдуллаев Д.Ш., Жумабаева Г.С. Развитие топонимии Чаткала в историческом плане. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. - №. 6. - С. 236-239.
11. Абдуллаев Д.Ш., Коргонбекова Н.Т. Изучение топонимов Чаткала. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. - №. 6. - С. 240-243